Аллах Таала менин үммөтүмдүн катасын, унутуп жана мажбурланып кылганын кечирди

Ибн Аббас (аларга Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Аллах Таала менин үммөтүмдүн катасын, унутуп жана мажбурланып кылганын кечирди".

[قال النووي: حديث حسن] [رواه ابن ماجه والبيهقي وغيرهما]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала анын үммөтүнүн үч абалын кечирерин айткан: Биринчиси: Каталыктан кылган иштери. Бул атайын жасабаган б.а. бир ишти кылууну максат кылып, бирок натыйжада максат кылбаган ишке кириптер болуп калган учурлары. Экинчиси: Унутуп калуу. Бир ишти кылуу эскертилип, бирок аны кыларда унутуп калган учурлары. Буга да күнөө жазылбайт. Үчүнчүсү: Мажбур жасаган иштери. Өзү кылууну каалабаган ишке мажбурланып, аны кылбай коюуга кудурути жатпеген учурлары. Мында да ага күнөө жазылбайт. Бул хадистеги сөз пенде менен анын Раббисинин ортосундагы тыюу салынган нерсени жасоо жөнүндө болуп жатат. Ал эми буйрук кылынган ибадаттарды унутуп коюу (мисалы: намазды убагында окууну унутуп коюу) бул милдетти түшүрүп салбайт. (Кийин сөзсүз аны толукташы керек). Ошондой эле, эгер адамдын тыюу кылынган ишти жасоосунун натыйжасында башка бирөөгө зыян жетсе, анда бул жерде адамдардын укугу түшпөйт. Мисалы, кимдир бирөө атайлап эмес, кокусунан адам өлтүрүп алса, ага кун (кан акы) милдет болот. Же бирөөнүн машинасын бузуп алса, аны төлөп берет.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/4216